**№10 К.Абдразаков атындагы жалпы билим берүүчү мектебинин пандемия шарттарында окутууга коюлган шарттар жана милдеттери боюнча ата-энелер чогулушунун**

ПРОТОКОЛУ

14.11.2020-ж

**Катышуучулар:**

Мектептеги мугалимдер жамааты-28
Ата-энелер-370

**Күн тартиби:**

1. №10 К.Абдразаков атындагы жалпы билим берүү мектебинде пандемия шарттарында окутууга коюлуучу талаптар жана милдеттер жөнүндө. мектеп директору У.А.Токтогулова тааныштырат.
2. "Мектептеги 1 күн" деген темада слайд жана доклад.
   соцпедагог: Хасанова М
3. Өспүрүмдөрдү тарбиялоодо коомчулуктун, ата-эненин жоопкерчиликтери жөнүндө.
   Организатор Орозалиева
4. Ар түрдүү маселелер.

***1-маселе боюнча***: мектеп директору Токтогулова У.А сөз сүйлөдү

Өз сөзүндө учурдагы кырдаал боюнча токтолуп, пандемия шарттарында окуу процессин кандайча жүргүзүлүшүн түшүндүрдү. Ата-энелердин окуучуларды мектепке кандай каражаттар менен келүүсүн; ар бир балага антисептик, бет кап камсыз кылуусун, санитардык гигиенанын шарттарына көңүл буруусун белгилеп өттү. Балдардын коопсуздугун тобокелге салбоосун ата-энелерге түшүндүрдү.

Жарыш сөзгө : 11б-классынын ата-энелер комитетинен Омороов Нурсейиттин эжеси Оморова Жамийла коюлучуу талаптар боюнча суроо менен кайрылды

***2-маселе боюнча:*** соцпедагог Хасанова М.М доклад окуду

Докладдын башталышынан мурда ата-энелерге пандемияга коюлучуу шарттар боюнча "Мектептеги 1 күн" деген видео тасма сунушталды. Андан ары соцпедагог өзүнүн докладында учурдагы кырдаал мезгилиндеги окуучулардын психологиялык- социологиялык абалы жөнүндө токтолду. Айрыкча окуучуларга мамилелешүү учурунда аярлуу мамиле жасоону суранды. Анткени бул мезгилге чейин балдар мындай абалга туш болгон эмес. Балдарга жакындан жардам берүү менен окутуу процессине көмөк көрсөтүүнү суранды.

Жарыш сөзгө : Ата-энелерден Маткалыкова Аткантаң сөзгө чыгып өспүрүм балдардын бош убактыларын көзөмөлгө алуу керек экендигин белгиледи ,анткени алар көчөдө чогуу жүрүшөт.

***3-маселе боюнча***:    Организатор Орозалиева Г.М

Организатор өз сөзүндө окутуу процессине коюлуучу талаптарды так аткаруу керек экендигин, ата-эне менен класс жетекчинин ортосунда келишим түзүлүп, келишимдин пункттарындагы эрежелерди так аткарууга милдеттендирди.

***4-маселе боюнча***: коомчулукту кызыктырган суроолор боюнча талкуулар жүрдү.

Жогорудагы маселелер угулуп жана талкууланып төмөнкүдөй

## Токтом кылат

1. 1-5-9-11-класстардын окуучуларынын ар биринде антисептик каражаттары камсыз кылынсын. Бул талап ата-энелер менен класс жетекчилерге милдеттендирилсин.
2. Окутуу процессинде окуучулардын мектептин территориясына киргенден баштап бет капсыз кирбөөгө, эки саат аралыгында окуучулардын антисептик менен дезинфекциялоо иштери катту көзөмөлгө алынсын. Көзөмөлдөө жагы мектептин соцпедагогу Хасанова Мга жана мед айымы Касымбекова Ага милдеттендирилсин.
3. Сабак башталаар мезгилден тартып окуучулардын дене табынын көрсөткүчтөрү текшерилсин жана убагында класс жетекчи тарабынан билдирилсин.
4. Окуучулардын катышуусун, сангигиеналык шарттардын, жолдо жүрүү эрежелеринин сакталышын, мектептеги өрт коопсуздук эрежелерин сакталышын көзөмөлдөө жагы организатор Г.Орозалиевага милдеттендирилсин.

Мектеп директору    Токтогулова У.А

Катчы    Мырзалиева А